**Эссе жазуу боюнча сынактын**
**ЖОБОСУ**

**1. ЖАЛПЫ ЖОБО**

1\. 1 Бул Жобо БУУнун Тынчтыкты куруу боюнча фондунун колдоосу менен Миграция боюнча эл аралык уюму (МАЭУ), БУУнун Аялдар түзүмү жана Эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ) тарабынан “Роза Отунбаеванын демилегиси” Эл аралык коомдук фонду менен өнөктөштүктө ишке ашырылып жаткан “Коомчулукту инклюзивдүү жана тынчтык жолу менен өнүктүрүүдө миграцияга дуушар болгон аялдардын жана кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү” долбоорунун алкагында 7-11-класстын окуучуларынын арасында өтө турган **эссе жазуу** сынагын өткөрүү тартибин аныктайт.

**2. МАКСАТЫ ЖАНА ИШ-ЧАРАЛАРЫ**

2\. 1 Тынчтыкты жана ынтымактыкты бекемдөөчү гендердик аспектилер, мигрант аялдардын өз мекенин, айылын, үй-бүлөөсүн өнүктүрүүдөгү ролу тууралуу жаш муундардын көз карашын чагылдырууга мүмкүнчүлүк берүү.

**3. СЫНАКТЫН УЮШТУРУУЧУЛАРЫ:**

3\. 1 “Роза Отунбаеванын демилгеси” Эл аралык коомдук фонду, долбоордун пилоттук өнөктөш Айыл өкмөттөрү. Сынак Ош, Баткен, Жалал-Абад, Талас облусундагы – 6 пилоттук айыл өкмөттөрдүн, пилоттук айылдардагы орто мектептердин колдоосу менен өткөрүлөт.

**4. СЫНАКТЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫ**

4\. 1 Сынакка пилоттук айылдардын мектептеринин 7-11- классынын окуучулары катыша алышат.
4\. 2 Сынакка катышуу үчүн окуучулар аталган долбоордун социалдык тармактарында катталып, берилген темага байланыштуу маалыматтар, роликтер менен таанышып алуудан кийин, берилген 4 теманын бирөөсүн тандап алып, эссе жазуусу зарыл.
4\. 3 <u>Эссе жазуу сынагында тандоого берилген темалар:</u>

- **“Апам – айылдын куту”**
- **“Тынчтык өзүбүздөн башталат”**
- **“Менин кыялымдагы айылым”**
- **“Кыз кыялы”**

4\. 4 Бир окуучудан бир эссе кабыл алынат.
4\. 5 Коллективдүү түрдө бир нече автордон турган эссе, сынакка кабыл алынбайт.

**5. СЫНАКТАРДЫ ӨТКӨРҮҮ МӨӨНӨТТӨРҮ**

5\. 1 Сынак үч баскычта өтөт:

**1 баскыч:** Сынакка катышууга даярдалган эсселер 2020-жылдын 25-ноябрынан 2021-жылдын 10-февралына чейин кабыл алынат.

**2 баскыч:** Конкурска келген эсселерди атайын түзүлгөн баалоо комиссиясы (жюри) тарабынан баалоо.

**3 баскыч:** 2021-жылдын 1-мартында санактын жыйынтыгын чыгаруу жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо.

## 6. СЫНАКТЫН УЮШТУРУУ КОМИТЕТИ

6. 1 Сынактын жалпы жетекчилигин Сынактын Уюштуруу комитети жүргүзөт.
6. 2 Уюштуруу Комитети иштерди эки баскычта карайт.
6. 3 Биринчи баскычта коюлган талаптарга жооп берген эсселер тандалып алынат.
6. 4 Экинчи баскычта атайын балоо комиссиясы (жюри) теманы толук ачып берүү, эссени жазуу стили, орфографикалык каталары боюнча балоо ишин аткарат.

## 7 . СЫНАККА ЖИБЕРИЛГЕН ИШТЕРДИН МАЗМУНУНА КОЮЛГАН ТАЛАПТАР

Эссенин тематикасы: Жаш муундун миграциядагы аялдардын абалы, укуктары, гендердик аспектери, тынчтыкты жана ынтымакты орнотуудагы ролу, коомдогу позитивдүү имиджин көтөрүү максатында өз түшүнүгүн толук ачып берүүсү.

7. 1 Сынактын жарыяланган **темаларына туура келген иштер гана кабыл алынат.**
7. 2 Сынакка жиберилген иштер Эссе жанрынын талабына туура келиши керек.

Эссе – чыгармачылык ой толгоо менен жазылган чакан сочинение. Анда катышуучу берилген тапшырмага ылайык өзүнүн көз карашын “Кыздар, тынчтык жана коопсуздук” темасында ой толгоолорун кара сөз же ыр түрүндө социалдык абалдагы болуп жаткан тенденцияларга негиздеп жазат. Ошондой эле коомдук турмуштагы фактыларга же жеке жашоосундагы тажрыйбасына кайрылып жазышы да мүмкүн.

## 8. СУНУШТАЛА ТУРГАН ИШТЕРГЕ КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР:

8. 1 Сынакка эсселер электрондук түрүндө Word форматында кабыл алынат. (“Эссе жазуу сынагына” деп белгилөө зарыл). Ишке төмөнкү маалыматты камтыган файл тиркелиши керек: Аты жөнү (толук); окуу жайынын аталышы, классы, жашаган аймагы (област, район, АО, айылы) байланыш телефон номерлери, электрондук даректери.
8. 2 Сынакка жиберилүүчү иштер орус, кыргыз жана англис тилдеринде кабыл алынат.
8. 3 Сынакка жиберилүүчү эссе төмөнкү талаптарга жооп бериши керек:
- Иштин көлөмү: 2 барактан ашпашы керек;
- Барак А4 форматында болуу керек;
- Шрифттин көлөмү 12, түрү - Times New Roman, саптардын ортосундагы интервалы - 1,5 болуу керек.

8. 4 Талапка жооп бербеген иштер, сынакка катыша албайт.

## 9. СЫНАКТЫН ЖЫЙЫНТЫГЫН ЧЫГАРУУ ЖАНА ЖЕҢҮҮЧҮЛӨРДҮ СЫЙЛОО

9. 1 Сынак аралыктагы (заочно) формасында өтөт. Сынакка катышуу үчүн окуучу өзүнүн жумуштарын Уюштуруу Комитетинин дарегине белгиленген мөөнөттүн алкагында жиберет.

9. 2 Сынакка жиберилген иштер рецензияланбайт жана кайтарылып берилбейт. Уюштуруу Комитети, сынакка жиберилип, тандалып алган иштерди автордун укугун сактоо менен, андан кийин колдонуу укугуна ээ болот.
9. 3 Көп добуш алган сынактын катышуучулары дипломдор жана баалуу сыйлыктар менен сыйланат. Сынактын Уюштуруу Комитети сыйлык фонду менен камсыз кылат.

**10. КАТЫШУУЧУЛАРДЫН АРЫЗДАРЫ ЖАНА ИШТЕРИ ТӨМӨНКҮ ДАРЕКТЕРДЕ КАБЫЛ АЛЫНАТ.**

«Роза Отунбаеванын демилгеси» Эл аралык коомдук фонду, Кыргызстан, Бишкек шаары, Чуй проспекти 106, 113 каб. office@roza.kg, +996 552085161